УДК 355.233.231

ЖУСУП БАЛАСАГЫНДЫН “КУТТУУ БИЛИМ”ДАСТАНЫНДА БАЛДАРГА АДАМГЕРЧИЛИК САПАТТАРГА ҮЙРӨТҮҮ ИДЕЯЛАРЫНЫН БЕРИЛИШИ
ОТРОЖЕНИЕ ИДЕЙ ЧЕЛОВЕЧЕСКИХ КАЧЕСТВ К ОБУЧЕНИЮ ДЕТЕЙ В ПОЭМЕ ЖУСУПА БАЛАСАГЫНА “БЛАГОДАТНОЕ ЗНАНИЕ”
TALE "KUT BILIM" ZHUSUP BALASAGYN DOET IDEAS ABOUT PARENTING QUALITIES OF POLITENESS

Найманбаев М. Ж. – п.и.к., доцент, ЖАМУ
Чоюнова А.Т. – доцент. м. а., ЖАМУ
Акматова И.Н. – окутуучу, ЖАМУ

Аннотация: *Макалада Жусуп Баласагындын “Куттуу билим” дастанын балдарды адептүүлүккө, адамгерчиликке тарбиялоодо колдонуу идеялары көрсөтүлгөн.*

Аннотация: *В статье показаны значение поэмы Жусупа Баласагына “Благодатное знание” и использование идей воспитание детей к нравственности, человечности.*

Annatation*: The article shows the importance of J. Balasagyn poet “ blessed knowledge ” Using the ideas and moral edication of children, humanity.*

Ачкыч сөздөр: *адептүүлүк, адамгерчилик, жүрүм-турум, тарбия, билим, абийир, акыл-эс.*

Ключевые слова: *вежливость, человечность норма поведение, воспитанность облученность, умственное соображение.*

Key words: *courtesy, humanity norm of behavior, manners irradiance, mental consideration.*

Жусуп Баласагындын «Куттуу билим» дастанынын 3 кол жазмасы белгилүү.

1. Герат нускасы австриялык окумуштуу Иосиф фон Хаммер-Пургшталь Стамбулдан тапкан да, Венадагы китепканага тапшырган. Бул кол жазма Вена кол жазмасы деп аталат. Бул дастандын эң алгачкы кол жазмасы XIX кылымдын 20-жылдарында табылган жана азыркы күндө анын сакталып- турган жери боюнча аталат.

Айрыкча белгилей кетүүчү нерсе «Кут билим» дастаны илимий чөйрөдө эң оболу ушул кол жазма аркылуу изилденип, дүйнөгө маалым болгон.

2. Араб арибинде жазылган Каир кол жазмасы, немец окумуштуусу А.Мориц тарабынан 1897-жылы табылган. А.Морицтин пикири боюнча, кол жазма эң алгачкылардан болуп саналат, анткени кол жазмадагы колдонулган араб тамгалары XI жана XII кылымдардагы колдонуу эрежелери менен берилген.

Каир нускасында дастандын бет ачары кара сөз түрүндө жазылып, дастандын авторунун ой-пикири толук бойдон келтирилген.

3. Кол жазманын үчүнчү нускасы – Наманган кол жазмасы же Фергана кол жазмасы деп да атайбыз. 1913-жылы окумуштуу Ахмед Заки Валидов Наманган шаарынан араб арибинде тапкан.

Наманган нускасынын бөтөнчөлүктөрү: Каир нускасы сыякгуу эле эң алгачкылардан болуп XI-XII кылымдарда так берилүү менен ар бир сүйлөм так жазылып, кош саптар даана, түшүнүктүү баяндалган.

“Куттуу билим” чыгармасында балдарга адептүүлүк, адамгерчилик сапаттарын үйрөтүү өкүмдардын образы аркылуу да кеңири сүрөттөлөт. Дастанда өкүмдарга өтө кажет сапаттар мээрмандык, боорукерлик, адептүүлүк экенин акын көп айтат. Адилет болуп, катаалдыкка барбоо өкүмдар үчүн эң, башкы талап. Өкүмдар элин ойлоп, элине жакшылык кылып, колдо барын кедей-кембагалдарга таратып туруусу зарыл.

Көр дүйнө үчүн өкүмдардын күйүп бышканы жарабайт. Ал өз напсисин бекем кармоого тийиш. Байлыкка кызыгып башкалардын канын төгүү, зыян келтирүү өкүмдар

үчүн чоң күнөө, өкүмдарга өзгөчө сак болууну, зордукчулук, кек сактап кекенүү, кекирейүү, бузукулук, араккечтик сыяктуу кемчиликтердин зыяндуулугун, элди күч менен эмес, мыйзам менен башкаруунун зарылдыгын атайын эскертет.

Жусуп Баласагын бек наркы менен эл наркын туташ бирдикте караган. Эгер өкүмдар же бек канчалык акылдуу, билимдүү болсо, анын эли да ошончолук нарктуу, салттуу болот. Андай эл адамгерчиликтин ар кыл сапаттарын ашкере аздектеп баалай билет дейт - улуу ойчул. Ал эми өкүмдар же бек актыктан, адилеттик жолдон тайыса, анда ал оң жолунан адашат. Жусуп өз эмгегинде идеалдуу мамлекеттин, анда жашаган элдин бакубат, бейпил турмушу билимдүү, акылдуу адилет өкүмдардын бийлигине байланыштуу экендигин көрсөтөт. Мындай конструктивдүү концепция Баласагындын дүйнө таанымы таза рационалисттик багытта калыптангандыгынан кабар берет.

Жусуп Баласагын чыгармасында бир гана өкүмдардын же бектердин жүрүм-туруму, адептүү адамгерчилик сапаттары, нарк нускасы тууралуу айтып чектелип калбастан, коомдогу башка социалдык топтордун ээлеген орду, жүрүм-турумунун адеп-нравалык нормалары жөнүндө ыклас коюу менен баяндайт. Андан тышкары Жусуп Баласагын деги жакшылык-жамандык, адептик-адепсиздик, жоомарттык-сараңдык, сабырдуулук- шашмалык сыяктуу түшүнүктөрдүн диалектикасы жөнүндө да чабыттуу ой жүгүрткөн.

Мына ушундай деңгээлдеги чыгарманы окуучулардын акылын, адептүүлүгүн өнүктүрүүгө кеңири каражат катары чыгармачылык менен кеңири пайдалануу өзүнүн жемишин берет.

Жусуп Баласагындын түшүнүгү боюнча баланын тарбиясы ал жашаган үй-бүлөнүн берген тарбиясына жана бала өсүп жаткан айлана-чөйрөгө көбүрөөк байланыштуу болот. Автордун көз карашы, ишеними боюнча бала ата-эненин кубанычы гана болбостон, нечен татаал түйшүктү талап кылары табигый нерсе. Анткени, өсүп келе жаткан балага татыктуу тарбия берүү милдети ата-эненин мойнундагы эң орчундуу жоопкерчилик. Бабабыз Жусуптун «Куттуу билим» чыгармасында баланы жакшы адам кылып тарбиялоого кандайча жетишүү керектиги тууралуу практикалык кеңештер берилет. Бала кезден берген тарбия натыйжалуу деп белгилейт ойчул. Ата-эненин милдети балдарын туура жана гармониялуу тарбиялоодо, ал үчүн ата-эне өздөрү да изгиликтүү болуулары тийиш, анткени балдар адеп-ахлак сапаттарына туулгандан эле ээ болушпайт. Жаш муундар үчүн үлгүнүн, тууроонун тарбиялоочу ролу чоң, андыктан тарбиячы кылып жакшы, түз жүргөн адамдарды алуу керек. Ойчул үй-бүлөдө тарбиялоонун мына ушул принциптерине өзгөчө көңүл бурат. Тарбиячынын ролу балага жакшы сапаттарды сиңирүүдө турат дейт[1]. Айрыкча баланы жаштайынан баштап билимге үйрөтүү боюнча Жусуптун берген кеңеши өзгөчө баалуу, жакшы адамга тийиштүү сапаттар анын алган билимине байланыштуу болору нукура чындык. Акын: билим - бул инсандын ой-жүгүртүүсүнүн, адеп-ахлактык касиеттеринин орундалышы деп эсептеген. Буга байланыштуу ал өзүнүн чыгармасында минтип жазган:

Да бир сөз: уулум зирек болсун десең
Жаштайынан окуткун тажабай сен.
Ким жашынан көп окуп билим алат,
Бойго жетсе тилеги орундалат.
Окууда тырышчаактык берет жемиш,
Илим, билим дөөлөткө кенен өрүш

Жусуп Баласагын адамдагы жогорку касиет анын акылы деп эсептеген. Акыл гана аалам дүйнөсүнүн миң түркүн сырларын таанып – билүүдө чоң роль ойнойт деп эсептейт.

---

[1] Касымжанов А.К. Мажиденова Д.М. Очарование знания. Фрунзе “ Кыргызстан.”

Акыл чырак, күүгүмдө сокурга көз,
Дене жан, үндөбөс дудукка сөз!

Бирок, адам баласы өзүнүн акыл казынасын билим менен өмүр бою байытып туруусу зарыл.

Энеден көзүн жарган наристе жан,
Бир гана окуу менен баарын алган.

Чыгармада билимдүү болууга аябай көңүл бурулуу менен анын маңыз - мааниси кенен ачылып берилген. Билимдүү, акылман адамдын колунан бардыгы келерин төмөнкү саптар менен көрсөткөн.

Билимдүүнүн сөздөрү суудай аккан,
Жер ичип, шалбаа көктөп гүлүн ачкан.
Билимдүүнүн жакшы сөзү арыбайт,
Булак суусу эч тартылбайт, карыбайт.
Билимдүү - сазда сууга окшоп турат,
Басканда изиң сууга толуп чыгат.

Бирок, Жусуп акын окууну, билим алууну адамдын акылдуу, даанышман болушунун бирден-бир жалгыз шарты, көрөңгөсү деп эсептебейт. Өзүнө чейинки көп кылымдардын тажрыйбасын жана өзүнүн жеке керт башы баамдаган турмуш сабагынын натыйжаларын эске ала отуруп, автор адамдагы мыкты касиеттердин бири анын акыл-эстүүлүгү деп эсептейт. Акындын терең ишениминде акыл-эстүүлүк сапат адамдагы тубаса касиет болуш керек. Тубаса акыл-эси бар адам билим алып өзүн ар тараптан байытса, кол жеткис мыкты сапаттарга ээ боло тургандыгы талашсыз чындык экенин кайра-кайра баса белгилеп көрсөтөт автор[2].

Ошондой эле акын баланын жаман адат, мүнөзүн калыптанышын ата-эненин начар тарбиясынан көргөн.

Балдары орой болсо, сөз укпаган,
Күнөөнү издөө керек ата-энеден.

Улуу акын Жусуп Баласагын баланы тарбиялоодо дайыма тескеп, катуурак кармап тарбиялоого кеңеш берген.

Колго алып, жакшылыктын жолуна сал,
Үйрөнсө элге таяныч болуп калаар.
Ак дил болсун, үйрөнбөсүн куулукту,
Кызмат өтөп адам болсун туруктуу.

Акын адам өмүрүндө, коом турмушунда акыл-эсти, илим-билимди, жашоонун жарык нурун чачкан ички дем, асыл нарктуу ар намыс катары баалайт. Башкача айтканда Жусуп Баласагындын этикасында акыл-эс, илим-билим адамдын нарк-нускалуулугунун эң башкы критерийи.

Жусуп Баласагын адам бактысын нравалык идеал катары баалаган. Ойчул адам баласына мүнөздүү адептүү бейадеп сансыз касиеттердин карама-каршылыктуу

---
[2] Артыкбаев К. Акыйкат сабагы. – Б., 1991

диалектикасына кеңири токтолуп, ар бир инсан өз өмүрүндө адептүү касиеттерге ээ болгондо гана ошол нравалык идеалга жете алат деген тыянакка келет. Мейли саясатта, мейли башка мамилелерде болсун, негизги данакерлөөчү критерий пенденин адамгерчилик сапаты деген ойду акын көп жолу кайталап айтат.

Адамгерчиликти Жусуп адептүүлүктүн туу чокусу деп түшүндүрөт. Адамгерчилик адам атын асмандатып, затын жаркыратып жашоонун улуу жолун ачат дейт - ойчул.

Адамдын өз өмүрүндөгү негизги максаты эмне? - деген суроо дүйнөнүн не деген даркан даанышмандарын ойлондурбаган. Жусуп Баласагын да бул маселеге көп кайрылат. Натыйжада, ал ар бир адам өз өмүрүн жакшылык иштерге гана арноосу зарыл деген жыйынтыкка келет.

Ал эми ар кандай пенде жарык дүйнөдөгү инсандык парзын адамгерчиликтин асыл нарктуу жактарын аздектеп аткарганда гана өз өмүрүн өрнөктүү жашап өткөн болот. Автордун адам өмүрүнүн башкы максаты тууралуу концептивдүү тыянагы ар бир пенде баласы ким болбосун адамгерчиликти аркалап гана жашоосу керек. Адам аты анын жакшы иштери, жанга жагымдуу акыл сөздөрү менен гана түбөлүккө сакталат[3].

Улуу ойчул акындын түшүнүгүндө адам баласы - дүйнөдөгү эң назик, эң татаал жана эң улуу зат. Ал өзүнүн акылы жана билими менен дүйнөнү өзгөртө алат, анын ичинде үлгүлүү, таасирдүү жүрүм-туруму, жакшы сөзү менен өзүн-өзү же башка адамдарды тарбиялайт. Акын сөз маданиятын адамгерчиликтин, адептүүлүктүн өзгөчө критерийи катары баалап, ага чоң маани берген.

Акылмандын пикиринде адамдын ажатын ачкан, ойлонуп сүйлөгөн омоктуу, орундуу сөз пенденин адамгерчилик аброюн көтөрүп, атак-даңкын арттырат. Ал эми ойлонбой айтылган орунсуз сөз адамды жакшылыкка алып барбайт, азапка гана кириптер кылат дейт ойчул.

Адамдардын адеп-нравалык касиеттеринен Жусуп акын жөнөкөйлүктү жана кичипейилдикти ашкере баалаган. «Куттуу билимдин» башынан аягына чейин автордун жөнөкөйлүк жана кичипейилдик, мээрмандык тууралуу омоктуу ойлору көп ирет кайталанып айтылат. Адам баласы бийликтин кандай гана бийиктигине көтөрүлбөсүн, колуна канчалык көп байлык менен мансап топтолбосун, ал эң алды менен жөнөкөй, кичипейил, адептүү, мээрман болушу зарыл деп, жөнөкөйлүктү, адептүүлүктү урматтап, жөнөкөйлүк жакшы жөрөлгөлөрдүн башаты экендигин белгилейт.

Улуу акын адамдын адеп-нравалык дүйнөсүнө мүнөздүү болгон көтөрүмдүүлүк, сабырдуулук сыяктуу сансыз көп нарктуу касиеттердин артыкчылыгын айтуу менен, мактанчаактык, шашмалык, сараңдык **сыяктуу** сапаттарды кара мүртөз жандарга мүнөздүү-деп жектейт.

Ошентип, Жусуп Баласагындын «Куттуу билим» чыгармасында баалуу, гумандуу, прогрессивдүү ойлор айтылган. Айрыкча балдарды тарбиялоодо чыгарманын педагогикалык мааниси терең, анын азыркы мезгилде да жаштарды тарбиялоодо мааниси жогору.

Жусуп Баласагын бабабыз элдин жакшы, бардар, жетиштүү жашашын ойлоп, ошону эңсеп, бул учун руханий маданияттуулукка тиешелүү болгон адамдын айрым көрөңгөлүү, уюткулуу сапаттарын терең мүнөздөгөн. Ал акылдуулук жөнүндө мындай дейт:

Акылдан элге жыргал бакыт келет,
Акылдууну даанышман атоо керек.
Шашмалык, акылсыздык, текебердик
Буларды акмак, наадан жандан көрдүк.

---

[3] Артыкбаев К. Акыйкат сабагы. - Б., << Адабият >>, 1991. 31- бет.

Мында акын акылдуулукту кенен, терең, көлөмдүү көз караш, башкача чен-өлчөм менен карап, ырдын биринчи сабында элдин турмуш, жашоосуна кызмат өтөгөн акыл жөнүндө токтолуп жатат жана чыныгы акылдуулуктун маани-маңызын толук түрдө ачып көрсөтүүдө. Ушундай деңгээлде көтөрүлгөн акылдуу инсанды «даанышман атоо керек» деп экинчи сапта тастыктап кетүүдө. Ыр саптарында элди туура жолго жетелеген, келечектүү жол көрсөткөн акылдуулук жөнүндө үлгүлүү көп болуп жатат. Үчүнчү сапта акылдуулукка тескери, каршы сыпаттамалар келтирилген. Акын «шашмалык, акылсыздык, текебердик» түшүнүктөрүн бир сапта, белгилүү иреттүүлүктө өз ара байланыштуу келтиргени, биздин оюбузча бекеринен эмес. Акылсыз-текебер. Ал эми шашма адам адатта акылсыздыкка жол коёт[4].

Жусуп Баласагын адам абийири жөнүндө кеңири сөз кылып анын маанисин терең ачып берет. Абийирдүү адамды таза сүткө салыштыруусу акындын акыл дараметинин курчтутунан, тажрыйбасынын молдугунан кабар берип, кишини суктантпай койбойт.

Абийири бар адамдар таза сүттөй,
Уятсыздын иши да калат бүтпөй.
Жараткан кимге абийир, берсе уят,
Андайга сансыз байлык сыйлык кылат.

Эмне үчүн акын бабабыз белек көптөгөн заттарга эмес, таза сүткө салыштырат? Сүт кыргыз элинде ыйык бааланып, өзгөчө касиетүү оокат эсептелет. Кеп төркүнү таза сүттүн сөздүн кудурети менен сүрөттөй алгыс актыгын, караган көздүн жоосун алган, көздү уялткандай сырдуу сезимдерге кабылткан керемет актыгы, жанга жагымдуулугу, пайдалуулугу, жогору аш болумдуулугу менен абийирдүү адамды салыштыруунун өзүндө ойдун мухити жатат десек жаңылбайбыз. Уятсызды, тескерисинче каймана түрдө иримчик сүткө салыштыруу логикалык жактан жөндүү болот, анткени, мындай сүттү караганда көрүнүшү негедир көңүлдү иренжитип, даам татканда көөнгө кыттай тийбей койбойт.

Жумуштун чала болуп, бүтпөй калышы моралдык- психологиялык жактан абийирдүү инсандын маанайын сустайтып, анын көңүлүндө жогоркудай өндөнгөн сезимдерди пайда кылары бышык. Абийирдүү, уяттуу адамга «сансыз байлык сыйлык кылышы», биздин көз карашыбызда, элдин ага деген ак дилден болгон урматы, аны ызатташы, кадырлашы, анын өзүнүн руханий дүйнөсүнүн байлыгы, аткарып жаткан ишине, кызматына канааттанымы, ыраазы болушу керек.

Ошентип, Жусуп Баласагын инсандын көптөгөн мыкты сапаттарынын арасынан абийирди башкы, өзөктүү, аныктоочу сапат катарында айрыкча маани берип мүнөздөгөн.

Колдонулган адабияттардын тизмеси:

1. Артыкбаев К. Акыйкат сабагы. – Б., 1991-ж.
2. Сатыбекова Т. Жусуп Баласагындын тарбия жөнүндөгү ой толгоосу. “Эл агартуу” журналы – Б., №6 1994-ж.
3. Козубаев Ө. “ Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат ” же Жусуп адепти кандай баалаган. “ Кут билим ” газетасы. – Б., 1994-ж

[4] Козубаев Т. Уядан эмнени көрсө учканда ошону алат же Жусуп адепти кандай баалаган. << Кутбилим >> газетасы. 1994